КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
УЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ АЙМАК УЧ-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО КЕНЕША

Уч-Коргон айылдык кенешинини VI чакырылышынын кезексиз
XXXI сессиясы

Уч-Коргон айылы

5-январь 2021-жыл

# ТОКТОМ №31/2

Баткен жерге жайгаштыруу экспедициясы тарабынан Уч-Коргон айыл аймагынын административдик аймагында жайгашкан Разъезд-61 айылынын чегиндеги жер аянттарын Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясы, “Кадастр” мамлекеттик мекемесинин Кадамжай райондук филиалы жана Уч-Коргон айылдык кенешинин макулдугусуз, бир тараптуу Кызыл-Кия шаарына кошуп койгон чечимин негизсиз жана мыйзамсыз деп табып Уч-Коргон айыл кенеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Баткен жерге жайгаштыруу экспедициясынын Уч-Коргон айыл аймагынын Разъезд-61 айылынын чегинде жайгашкан жер аянттары бир тараптуу Кызыл-Кия шаарына кошуп койгон чечими мыйзам чегинде озгортулсун.
2. Уч-Коргон айыл аймагына караштуу Разъезд-61 айылынын чегинде жайгашкан Аэропорт, “Селхозхимия” акционердик коому, “Айылкомок” акционердик коому, жарандардын турак уй-жайлары , “Навои” орто мектеби, мечит, бажы откормо пунктунун жер аянттарын Баткен областык жерге жайгаштыруу экспедициясы негизсиз бир тараптуу Кызыл-Кия шаарына кошуп койгондугу боюнча, Уч-Коргон айыл аймагынын административдик аймагында экендиги такталгандыгы жонундо иш кагаздары толукталсын.
3. Кызыл-Кия шаары менен Уч-Коргон айыл аймагынын чек арасы тактоо боюнча инвентаризация иштери тез арада жургузулсун.
4. Уч-Коргон айыл окмотунун мурдагы башчысы А.Мадазимовдун 2009-жылдын август айынан тартып Уч-Коргон айыл окмотунун башчылыгынан кетип туруп, 2010-жылдагы инвентаризациялоо материалдарына кол коюп айыл окмотунун моорун баскандыгына укуктук баа берилсин.
5. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешине Уч-Коргон айыл аймагы жана Кызыл-Кия шаарынын административдик чектери боюнча Уч-

Коргон айыл аймагына караштуу Разъезд-61 айылына тиешелуу материалдар жонотулсун.

6. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешине, Уч-Коргон айыл аймагына караштуу жалпы 77 (жетмиш жети) га жер аянты Баткен жерге жайгаштыруу экспедициясынын жаны жетекчиликтин тактабай ката кетирген иш аракетине байланыштуу Кызыл-Кия шаарынын 2010-жылкы административдик чек арасын бекитип берууну токтотуп туруу суралсын.
7. Ушул токтомдун аткарылышын козомолдоо жагын озумо калтырам.

**Уч-Коргон айыл кенешинин торагасы:** **Х.Джалалов**